# Ачык сабак

# Тема: Ч. Айтматовдун " Жамиля" повестинин башкы каарманы Жамилянын образын талдоо.

## Кыргыз адабият сабагы

Мугалим: Шабданова Н.Д.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

**Ч. Айтматовдун "Жамиля" повестинин башкы каарманы**

**Жамилянын образын талдоо.**

**Сабактын максаты:**

1. Повесттин идеялык мазмунун билүү аркылуу башкы каармандын образын талдай алышат.

2. Ой жүгүртүү, сын пикир айтуу жөндөмдүүлүгү артат, оозеки кеби өсөт, мамлекттик тилде туура сүйлөөгө үйөнүшөт.

3. Чыдамкай, туруктуу болууга, өз максаты жана бактысы үчүн күрөшө билүүгө умтулушат.

**Көрсөткүчтөр** : Чыгарманын сюжетин билсе, Жамилянын образын талдап, өз оюн негиздүү далилдеп, мамлекеттик тилде баяндай алса.

**Сабактын тиби**: Бышыктоо сабагы.

**Сабактын формасы:** Дискуссия сабагы.

**Сабактын усулу:** интерактивдүү усулдар ( синквейн, сынчыл ойлом)

**Сабактын жабдылышы**: СТО (заманбап технологиялар программасы),

Ч. Айтматовдун портрети, буклет, маркер, маркердик доска, " Жамиля" көкөм филминен үзүндү слайддар.

**Сабактын жүрүшүү**:

**1- кадам.** Уюштуруу иретинде балдарга суроо менен кайрылуу: Балдар, күнүмдүк жашообузда түрдүү көркөм фильмдерди көрүп турабыз. Кимге кандай кинолор жагат? ( Балдар өз жоопторун айтышат). Биз улуу жазуучубуз Ч.Айтматов " Жамиля повести менн таанышканбыз. Анда ушул чыгарманын негизинде режиссер А. Кузнецовдун " Жамиля көркөм тасмасынан үзүндү слайддарды көрсөк.

**2- кадам.** Балдар, биздин бүгүнкү темабыз " Ч. Айтматовдун " Жамиля" повестинин башкы каарманы Жамилянын образын талдоо". Чыгарманын мазмунун билсеңер. Силерге суроо: Жамиля туура чечим кабыл алдыбы же адаштыбы? Ушул суроонун негизинде биз эки топко бөлүнүп алсак. Жамиляны колдонуучулар бир топко, ага каршы болгондор бир топко бөлүнгүлө.

**3-кадам**. Эми бадар, тобунарда Жамилянын образын талкуулап, синквейн түзөсүнөр жана өз оюңарды коргоп, далилдеп жактайсынар.

**1-топ**

1. Жамиля

Сканировано с CamScanner

2. Шайыр, эпчил

3. Сүйөт, кыйналат, мажбур болот.

4. Ал өз бактысы үчүн күрөшөт.

5.Аял.

**2-топ**

**1.** Жамиля.

**2.** Жеңил, туруксуз.

**3.** Качат, адашат, ойлобойт.

**4**. Ал адилетсиз чечим кабыл алат.

**5.** Аял

( Балдар Жамилянын образын синквейндин негизинде талкуулашат).

**1-топ.**

**1-окуучу**: Жамиля эркин, кайраттуу кыз. Ал моюн сунуп салтты деп бактысыз болууга мажбур эмес. Ал туура кылды деп ойлойм.

**2- окуучу**: Жамиля эмгекчил, боорукер, жайдары кыз. Ал бактылуу болууга, эркиндикке жана сүйүүгө толук укуктуу.

**3-окуучу:** Ал туруктуу жана абийирдүү. Буга Осмон менен болгон окуя жана өз суйуусу үчүн күрөшкөн далил боло алат.

**4-окуучу:** Жамиля- аял, инсан. Ал да башкалардай сүйүүгө жана бактылуу болууга акылуу.

**5-окуучу:** Жамилянын өз бактысы үчүн күрөшкөнү чон эрдик. Бардык кыздар эле ага окшоп сүйүүсүн коргой албайт.

**6-окуучу**: Анын көп кыйналып " Жети өлчөп бир кесип" кабыл алган чечимин баалайм. Сүйүүгө жетүү жана бактылуу болу оңой эмес. Бул анын колунан келди. Мен ага бакыт каалайм.

**7- окуучу:** Бир келген өмүрдө сүйбөгөн адам менен кордолуп жашоо- трагедия. Күнөөнүн баары Садыкта. Ал эгер билсе чон кылмыш жасады жана жазаланды. Жамиля ага сабак болду. Эми да сүйүп бактылуу болсо болот.

**2-топ.**

**1- окуучу**: Ала качуу кыргыздардын эзелки салты. Жамиля Садыкка эле эмес элдин, ата- бабалардын салтына да каршы чыкты. Бул жеңил ойлуулук.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

**2-окуучу**: Согушта Мекен үчүн күрөшүп жүргөн күйөөсүн чанып качып кетүү чыккынчылыка барабар.

**3- окуучу:** Биздин менталитетте мындай жорук туура болбойт. Бул абийирсиздикке жатат.

**4- окуучу:** Ислам势ининде бул оор күнө болуп саналат.Ошондуктан туура эмес деп эсептейм.

**5- окуучу**: Сүйүүнүн эрте-кечи жок дейт. Жамиля сабырдуу, туруктуу болгондо, шашылбаганда, балким Садык экөө бири-бирин сүйүп калышат беле деп ойлойм.

**6- окуучу**: Ал сүйүүнү деп адамдардын наалатына, каргышына калды. Качып кетип бактылуу болот деп ойлобойм. Ал менимче кыйналып жашаса керек.

**7- окуучу:** Ал керт башын гана ойлобстон Садыкты, анын үй бүлөсүн, өзүнүн ата –энесин да ойлошу керек эле. Алардын жүзүн жер каратып уятта калтырганы туура эмес.

**4-кадам**. Бышыктоо.

-Балдар, силер өтө терең ой жүгүртө алдыңар. Сынчыл ойлом боюнча бийик деңгээлиңерди көрсөттүнөр. Ар бир топко дагы кошумча суроо берсем:

**1-топко:** Эгер Сейиддин ордунда силер болуп Жамиля жеңеңер болгондо да өз оюңарда туруп, аны колдойт белеңер? ( балдар жооп беришет).

**2- топко:** Жамиля силердин эжеңер же карындашыңар болгондо " таш түшкөн жеринде оор" деп анын бактысыз болушуна макул болуп , куру намыс деп кайдыгер боло алат белеңер? ( балдар жооп беришет).

**Эми жалпыңарга суроо:** Сүйүү деген эмне: Анын кандай түрлөрү бар?

Жамилянын сүйүүсү кандай сүйүү?

**Сабакты корутундулоо:**

Сен бир бакча мөмөлөрү жетилген

Мен жүргүнчү ооз тийген жемиштен

Сүйүү деген сүйүү эмес бетиңден,

Сүйүү деген сузуп өтүү деңизден. ( А. Осмонов)

Мугалим ырды көркөм окуу менен балдардын сүйүү жөнүндөгү ойлорун

бышыктап, Жамилянын образы боюнча талкууну жыйынтыктайт.

**Балоо:** Активдүүлүгүнө, ой жүгүртүүсүнө, оозэки кебине карап окуучулар

**Үй тапшырма:** Жамиля жөнүндө эссе жазып келүү.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner